# Портфолио



# Сабыр кызы Гүлнур

# РЕЗЮМЕ

Мугалимдин аты-жөнү: **САБЫР КЫЗЫ ГҮЛНУР**

Туулган жылы: 28.02. 1991-жыл.

Улуту: Кыргыз

Үй дареги: Түп району, Чоң-Тогузбай айылы

Телефону: 0700 41 40 40

Билими: Жогорку.

Бүтүргөн окуу жайы: Касым Тыныстанов атындагы ЫМУ

Кесиби: математика жана информатика мугалими.

Иштеген жери: К. Мамытов атындагы №29 жалпы орто билим берүү мектеби.

Стажы: 6 жыл

Мектепте качантан бери иштейт: 01. 09. 2014-ж.

Тил билүүсү: кыргыз, орус тилдери.

Компьютерде: Microsoft Office Word, Internet,

Кошумча маалымат: Үй бүлөөлүү 2 баланын энеси.

Жеке сапаттары: Чечкиндүү, жоопкерчиликтүү, алдыга койгон максатына умтулуу, топтордо активдүү иштөө, окуучуларга мээримдүү мамиле жасоо.

# ӨМҮР БАЯН

Мен, Сабыр кызы Гүлнур 1991-жылы 28-февралда Түп районуна караштуу Долон айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөм.

Атам- Шоруков Сабыр

Апам- Жусубалиева Гүлзат

Алар азыркы учурда Долон айылында өздүк дыйкан чарбасында эмгектенишет. Өзүм 4 бир тууганмын.

Мен 1998 – жылы К. Үмөталиев атындагы орто мектебине биринчи класска кирип, мектепти 2009-жылы аяктагам. Ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Каракол шаарындагы К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун математика факультетине тапшырдым. Аталган окуу жайды 2014– жылы ийгиликтүү аяктап мугалимдик кесипке ээ болдум.

1993 –жылдан өзүмдүн эмгек ишмердигимди Каракол шаарындагы №3 гимназия мектебинде математика жана информатика мугалими болуп иштөөдөн баштадым.

Үй-бүлөөлүүмүн жолдошум – Молдогазиев Канат дене тарбия мугалими болуп эмгектенет.

# Менин максатым.

1.Ар бир окуучуга жекече мамиле менен өз ара ички оюн көз карашын түшүнүү менен жакшы мамилени түзүү.

2. Балдарга сабакка кызыгуусуна болгон жагымдуу жагдай түзүү.

3. Окуучулардын өз жашоосуна, турмушуна пайда келтирүүчү билимди берүү.

4. Окуучуларга азыркы талапка ылайык жаңы ыкма менен терең билим берүү.

5. Окуучуларды жаратылышты сүйүүгө, аяр мамиле кылууга тарбиялоо.

# Менин кесибим

Энсегенмин мугалим эжей болууну,

Кичинемден туурап эжей колунду.

Жоготчумун,  келип сабак бергиче,

Карачы элем, өтүп кеткен жолунду,

Мугалимдик окуу жайын бүтүрүп,

Көп окудум мен ошондо түшүнүп.

Ойлогонум ишке ашты мына эми,

Балдар менен чогу жүрөм жүгүрүп.

Балдарымды жаман жакшы дебеймин,

Даярданбай мен сабакка келбеймин.

Ойлогонум мектеп турмуш жүрөгү,

Алмаштырбайм кесибимди

мен эч кимге бербеймин.

Окуучунун ата — энеси мугалим,

Ар бирине көңүлүмдү бурамын.

Билим алып аман болсо балдарым,

Мектебимди, мекенимди курамын.

Кесибимди мен дайыма сыйлаймын,

Терең билим тажрыйбаны жыйнаймын.

Мейли кандай турмуш болбосун,

Балдарымды эч убакта кыйбаймын.

# Менин проблемам.

## Окутуунун жаңы методдорун колдонуу менен окуучуларга терең билим берүү жана жаратылышты коргоого тарбиялоо.

# Мугалим кандай болушу керек?

- Өз ишин так жоопту аткара билүү.
- Мектеп ичиндеги иштерге ар убакта катышуу.
- Мектептин намысын көтөрүү.
- Жардам сураган жаш муундарга
- Өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүү.
- Өзүн тыкан алып жүрүү менен башкаларга үлгү болуу.
- Өз билимин ар убакта жогорулатып туруу.

# Окуучуларга коюлган талаптар.

1. Темага болгон кызыгуусу.
2. Бекемдиги.

а) билими

б) жөндөмдүүлүгү

в) такшалгандыгы

1. Ой жүгүртүүсү өз алдынчылыгы.

2. Мугалимге мамилеси.

3. Маданияты эмгектенүүсү.

4. Окуучлардын сөз байлыгы.

5. Мугалимге суроо берүүсү.

6. Окуучулардын өзүн – өзү текшерүүсү.

7. Тартиби.

а) сабакка даярдыгы

б) билимдерин текшерүү учурунда

в) өз алдынча иштөө учурунда

г) үй тапшырма берүү учурунда.

8.Таанышке реакциясы.

9. Окутуунун проблемалуулугу.

# Окутуунун интерактивдүү усулу.

Максаты:

Окуучулар билим алып, көндүмдөргө ээ болушат.

Өзгөчөлүктөрү:

Окуучулар көпчүлүк убакта активдүү, алар талкуу жүргүзүшүп, көнүгүүлөрдү аткарышат.

- Көндүмдөргө ээ болу.
- Мугалим талкуу учурунда жардам берет, процесске көз салат, суроо берет.
- Окуучулардын турмуштук тажрыйбас абдан маанилүү.
- Бири бири менен пикир алмашуу.
- Окутуунун басымдуу бөлүгү окуучунун суроого жооп таба билүүсү.
- Эки экиден же чакан топтордо иштөө.
- Окуучулар бири бирин карап турушат.
- Баалоонун башка түрү.
- Мугалим класста дайыма басып жүрөт.
- Өткөрүү жолдору:
- Окуучулар үчүн кыйын болгон теориялык суроолор талкууланат.
- Мугалим тапшырманы аткаруу процессин уюштурат, окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн арттырат.
- Мугалим окуучларды ой – пикирлерине таянып, жыйынтык чыгарганга үйрөтөт.

# Алтын эрежелер.

1. Өз ара түшүнүнө билүү. Сүйлөп жаткан адамга жолтоо болбоо. Уга билүү.
2. Кол көтөрүү эрежеси.
3. Адамды сындабай, ал айтып жаткан идеяны сындагыла.
4. Жөнөкөй, так, логикалуу кыска сүйлөгөнгө аракет кылгыла.
5. Каалагандай ой пикирди колдоп туруу.
6. Орой сүйлөбө. Конфликт чыгарба.
7. Өз билимиңди жашырба.
8. Чыгармачылык менен иште.
9. Мугалим биздин укукту коргойт жана биздин ишке багыт берип турат.

# Сабактын типтери жана түрлөрү.

1. Жаңы материалдарды окуп үйрөнүү сабагы. (Буга жалпылоо, киришүү, байкоо жана 1-типтеги сабактын методикалык варианттык түрүндө материал топтоого кирет.)
   Лекция сабагы,
   аңгеме сабагы,
   кино сабагы,
   теориялык жана практикалык өз алдынча иштөө аралаш сабак (бир сабакта ар түрдүү сабактардын типтерин айкалыштыруу.)

2. Үйрөнгөндөрүн, билимдерин жана билгичтиктерин андан ары өркүндөтүү сабагы ( буга үйрөнгөндрүн жана калыптандыруу, алган билимин максатуу багыттоо сабактары кирет).
   Өз алдынча иштөө сабагы (оозеки, же жазуу жүзүндөгү көнүгүүлөр репродуктивдүү типте),
   лабораториялык иш сабагы,
   практикалык иш сабагы,
   экскурсия сабагы,
   семинар.
3. Жалпылоочу жана системалаштыруу сабагы. Аралаш сабак (комбированный) сабак.
4. Буга бардык беш типтеги сабактардын негизги түрлөрү.
5. Контролдоо (контролдук иш) сабагы билимдер менен билгичтиктерин баалоо жана эсептөө.
6. Оозеки суроо (фронталдык жалпы).
7. Жекече (индивидуалдык).
8. Тайпалык.
9. Жазуу жүзүндөгү суроо (жекече, индивидуалалдык)
10. Зачет, зачеттук практикалык, лабарраториялык жумуш.
11. Аралаш сабак (алдынкы үч түрдү айкалыштыруу).


MyShared

# Окуучуларды тарбиялоонун уставы.

1. Илимдердин негизинде чыгармачылык менен жетишүү.
2. Коомдун пайдалуу эмгекке катышууга коопсуздук техникасынын эрежелерин так сактоо.
3. Коомдук иштерге, балдар уюмуна, өзүн – өзү башкаруу ишине активдүү катышуу. Мугалимдерге кенже класстагы окуучулардын сабактан тышкаркы ишин уюштурууга жардамдашуу.
4. Мектептин мүлкүнүн сакталышына камкордук кылуу. Үнөм жана сарамжалдуулук үчүн болгон кыймылга катышуу.
5. Окууну, эмгекти, коомдук ишти жана бош убакытты туура уюштурууга маданияттын, искусствонун байлыгына ээ болууга, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө.
6. Дене тарбиясы, спорт иштери менен машыгууга, өзүн Кыргыз Республикасын коргоого.
7. Улууларды, мугалимдерди, ата – энелерди урматтоого, айланасындагы адамдарга кайрымдуу жана илберинки мамиле жасоо.
8. Жаратылышты сактоого, коргоого жана жаратылыштын кең байлыктарын үнөмдүү колдонууга, айбанаттарга камкордук мамиле жасоого.
9. Тартипти бекем сактоого, үрп – адаттарга жана коомго жат жүрүш – туруштарга каршы күрөшүү.
10. Өзүнүн сырткы көрүнүшүнө жүрүм турумуна, кийимине көз салып, адептүү, карапайым болууга.
11. Көчөдө жүрүүнүн өрт коопсуздугунун эрежелерин билүүгө жана аларды аткарууга. Ал эрежелердин аткарылышын жанындагылардан талап кылууга, алгачкы медициналык жардам көрсөтүүгө.
12. Кыргыз Республикасынын Улуттук Мамилекеттик атрибутикаларын (Желек, Герб, Гимн) билуу жана сыйлоого милдеттүү!

# Мугалимдеги жөндөмдүүлүктөр.

1. Дидатикалык жөндөмдүүлүк – бул окутуунун теориясы, методдору. Методикалык ыкмаларды мугалим канчалык деңгээлде билээри. Өтүлүүчү темаларда ар кандай көргөзмөлөрдү колдоно билүүсү. Мисал келтирүү.
2. Академиялык жөндөмдүүлүк - жалпы мугалим аттуунун бардыгы кесибине, предметине жараша билим жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу керек. Башка предметтер менен, адабий чыгармалар менен өз предметин байланыштыра билүүсү эң негизгиси болуп эсептелет. Мисал келтирүү.
3. Конструктивдик жөндөмдүүлүк – башкача айтканда окуучунун жетишпеген инсандык сапаттарын калптандыруу жөндөмдүүлүгү. Окуучуда жок касиеттерди калптандыруу. Окуучулар өспүрүм курагында көп өзгөрүүгө дуушар болушат. Мугалимдин милдети муну оң жакка салуу. Сабакты педагогикалык кызматташтыктын негизинде жүргүзүү. Ошондуктан жогорку класстарда тарбиялык сааттардын планын түзүүдө окуучулар менен макулдашуусу керек.
4. Коммуникативдик жөндөмдүүлүк – бул мугалим менен окуучулардын, мугалим менен ата – энелердин ортосундагы мамилени туура жолго кое билүүсү.
5. Экспрессивдик (артисттик) жөндөмдүүлүк - башкача айтканда мугалим өзүнүн оюн, үнүн, тилин, билимин, сезимдерин тышкы көрүнүшү менен айкалыштыра билүүсү. Мындан тышкары дагы мугалимдин кийген кийими, жасаган прическасы, косметикасы жана бет булчундарынын өзгөрүшү б.а мимикасы да көпчүлүктүн туура кабыл алуусунда болушу керек. Академиялык жөндөмдүүлүккө караганда экспрессивдик жөндөмдүүлүк окуучуларга деги эле көпчүлүккө жагымдуу болот.
6. Перспектикалык жөндөмдүүлүк – бул мугалимдин байкагычтыгы. Бала эмнеге кызыгат, эмне жөнүндө ойлойт . Бул окууну жана окутууну жөндөмдүүлүктөрүн жогору көтөрө турган мугалимдин негизги жөндөмдүүлүктөрүнүн бири.

# Мугалимдин ишкердигине талаптар.

1. Сабактын башталышы.
2. Окуучунун билимин текшерүү жана кайталоо.
3. Материалдардын түшүндүрүүнүн теориялык деңгээли.
   а) Илимдүүлүгү
   б) Жеткиликтүүлүгү
   в) Системалуулугу
   г) Логикалуулугу
4. Теманы ачып берүүсү. (Материалды тандап алуусу).
5. Окуучунун көңүл буруусун уюштуруусу.
6. Сабактын тарбиялык жагы.
7. ТСО ну пайдалануусу.
8. Эффективдүүлүгү
9. Жекече даярдыгы.
10. Теманын таасирдүү (эмоциалдуу ачылыш).
11. Педогогикалык этикасын сактоосу.
12. Мугалимдин кеби (сүйлөөсү, сөз байлыгы)
13. Убакытты пайдалануусу.
14. Өз алдынча иштөөнүн, мазмуну методикасы.
15. Обьективдүүлүгү.
16. Үй тапшырманы баалоо.

# Аннотация.

Мен, Сабыр кызы Гүлнур К. Мамытов атындагы №29 жалпы орто билим берүү мектебинде Информатика жана математика мугалими болуп иштейм, өз кесибим менен сыймыктанам. Мугалимдик кесип түйшүктүү экенине карабастан эмгектенип келем.

Анда эмесе мен сиздерге мугалимдик ишмердүүлүк тажрыйбам менен тең бөлүшмөкчүмүн. Тарбиялоо эң татаал экен, бирок ал жөнөкөйдөн башталат, окуучу кандай болсо дал ошондой кабыл алып, жакшы көрүү керек. Мугалим канчалык изденип иштесе, окуучулардын өнүгүүсү арбыйт, эң негизгиси окуучулардын ой жүгүртүүлөрүнө шарт түзүү. Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу менен гана чектелбестен, жан дүйнөсүн байытуу зарыл. Азыркы мезгилге ылайык билим берүүдө мааламытты, жаңы технологияларды, сабак өтүүнүн жаңы усулдарын өздөштүрүп, сабактарда колдонушубуз керек. Эң акыркы интерактивдүү методдордун негизинде "мээге чабуул", "ролдуу оюн", "кичи топтор менен иштөө", "зиг – заг" "талкуу жургузуу" аттуу ыкмаларды пайдаланып сабак өтүүгө, окуучулардын өз оюн айта билүү, ой жүгүртүү, эске тутуу, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн калптандыруу менен жаратылышка аяр мамиле жасоо, эл жерди сүйүүгө, адептүүлүккө тарбиялоо.

Класстын билим деңгээлин карап сабакты пландаштыруу сөзсүз эске алынышы керек, окуучуларга байкоо жүргүзүү менен бара-бара жеңилден оорго өтүп, окуучуларды көнүктүрүү, азыркы талапка ылайык окутууда маалыматтын жаңы ыкмаларын өздөштүрүп, сабактаргат кирүүбүз керек. Ар бир сабак бири-бирине окшошпостон, ар башка усулдарды пайдаланып, көрсөтмө куралдарды жогорку деңгээлде даярдалса окуучуларга куру сөз менен айтып берип, аларды тажатпастан сабак өтүүгө милдеттүүбүз.

Ата – бабабыздан калган асыл сапаттарды көздүн карегиндей сактап тарыхта калган унутулбас улуу мурасты окуучуларга жеткирүү алардын аң сезимдерин калыптандырууда чечүүчү ролду ойноорун биз мугалимдер жоопкерчилик менен сезүүбүз керек.

Ошентип, урматтуу кесиптештер Кыргызстандын келечеги үчүн талыкпастан кызмат өтөй берүүгө чакырмакчымын...


# Менин педагогикалык философиям.

Билимсиз адам канатсыз куштай деген сыңары, бул дүйнөгө жаралган соң адам сөзсүз түрдө бир кесипке ээ болушу керек. Мен мугалимдик кесипти өз кесибим катары тандап келдим.

Мугалимдик кесип – бул түйшүктүү кесип. Окуучуларга инсанга багыттап билим берүү педагогиканын дагы бир өзгөчөлүгү ал балага оптимизим менен карайт, баланын өзүнчө жаткан кенч, ачылбай жаткан казына болуп резерв катары ойлойт.

Кыргыз сөзү менен айтканда окуучуга "Жерде жаткан жумуртка асманда учкан куш болот", "Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар" деген ишенич менен мамиле кылат. Эми карап көрөлү, эгерде окуучу обьект эмес субъект деп эсептелсе, башка баалуулук анык болсо негизги максат баланын чыгармачылык жөндөмүн өз алдынчалыгын өстүрүү, өркүндөтүү, ички мүмкүнчүлүктөрүн, катылып жаткан күч кубатын ачуу өз алдынча ой жүгүртүүсү жетиштүү болсо, анда ошол ченемдерди жүзөгө ашырууга жаңы технологияны өз сабагыбызда пайдалануу кажет.

Интерактивдүү усулдарды окуучуну таанып билүүдөгү "жекече жолун" жаратуу үчүн колдоно турган куралы бул, жогорууда айтылгандай диолог, интерактивдик технологиянын өзгөчөлүгү, ошол диолог окуу группасынын чогулуп биргелешип кылган иш аракеттери өтөт. "Мугалим тийип турган нур болсо, окуучусу гүл сыяктуу ачылат" дегендей, ар бир сабакты чыгармачылык менен изденип, окуучуларга жеткиликтүү кылып, аракет кылып иштесек сөзсүз акыбети кайтат эмеспи. Мугалим болуп иштеп жатканыма сыймыктанам. Биздин келечегибиз балдар болгондуктан, балдар үчүн иштеп келебиз.






# Сабакка педагогикалык, психологиялык анализ берүүнүн схемасы.

1. Сабактын темасы, максаты.
2. Сабактын структурасы, иреттүүлүгү.
3. Сабактын материалдык сапаты.
4. Сабактын материалы окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине туура келеби.
5. Мугалим сабакты окуучуларга кандай ыкмаларды колдонуу менен жеткиликтүү кызыктыруу менен түшүндүрө алдыбы.
6. Сабактын материалын жеткиликтүү кылып айтуу үчүн кайсы жагдайды активдештирүүсү керек. (Элестетүүсүн, абстракту ой жүгүртүүсү).
7. Окуп үйрөнүп жаткан материалдын тарбиялык таасири.
8. Окуучулардын көңүл буруусун уюштуруу.
9. Мугалим ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алдыбы.
10. Мугалим окуучунун жообуна ыңгайына жараша жооп бердиби.
11. Мугалимдин инсандык сапатынын тарбиялык мааниси (тышкы келбети, суйлөө кеби, окуучулардын мугалимге болгон мамилеси, мугалимдин талабынын аткарылышы).

# Менин педагогикалык ой толгоом.

Карангыны билимге .

Суйроп чыккан мугалим,

"Калем, кагаз алгын" - деп,

Сүйлөп чыккан мугалим.

Жаңы заман балдардын,

Машыктырган мугалим.

Жан жүрөктү өнөргө,

Ашык кылган мугалим.

Ж.Бөкөнбаев.

Белгилүү акын Ж.Бөкөнбаев айтмакчы: Мугалим балага татыктуу билим берип анын турмушка болгон көз карашын калптандыруу.

Мугалим билимдүү гана болбостон, турмуштук тажрыйбасы мол, сезгич болуусу зарыл өз окуучусунун жан дүйнөсүн жакындан даарылап, мыкты актер болуусу керек.

Мугалимдин эмгеги сыйлыктар, белектер менен салмактанбайт, ал окуучунун көз карашы, берген басы менен салмактанат.

Андыктан баардык мугалим "МУГАЛИМ" деген атка татыктуу болсо деп тилейм. Ал эми окуткан окуучулар турмушта өз жолун тапкан ар тараптан өнүккөн инсан болуусу үчүн чын дилден эмгек кылуу керек

## "Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу" программасы.

"Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу" программасынын төмөнкүдөй максаттары бар:

Окуучулар үчүн:

- Сын көз менен ойлонууга үйрөнүү.
- Өз окуучсу учун жоопкерчилик тартуу
- Башкалар менен кызматташып иштегенге үйрөнүү.

Окутуучулар үчүн :

- Ишеним жана жоопкерчиликтуу мамилелер көрсөтмөлүү класстарды түзүү.
- Окуу процессинин алкагын сынчыл ойломду өнүктүрүү жана өз алдынча таанып билүүнү стимулдоо үчүн пайдалануу.
- Окутуу процессинде сынчыл ойломду жана өз алдынча таанып – билүүнү өнүктүрүү үчүн кыйла натыйжалуу усулдарды колдонуу.

# Окутуш үчүн өзүн дайыма окушуң керек.

Жанылык эмеспи? Кантип айтканда...өзүндүн предметин боюнча көбүрөөк билүү, дагы билүү, дагы... Бирок көрсө бул дагы аздык кылат экен.

Психологиялык, методика, педагогикалык технологиялар, социялогоия жана дагы башка билимдер жөн эле керек болбостон, зарыл болууда. Дүйнө өзгөрүп турат, ошондуктан жөн эле билим албастан, өзүң да дайыма өзгөрүп турушун керек.

# Педагогиканын кызматташтыктын концепциясы.

Кызматташтыктын негизинде экспериментатор жаңычыл мугалимдердин идеясы киргизилген.

1. Окуучулар менен мугалим (жагымдуу мамиле)
2. Мажбурлабай окутуу ( окуу процессии окуучунун суроо талабына ылайык жүргүзүлөт)
3. Алдыга таасир, татаал максат коюу. (окуучунун ишмердигин улам барган сайын татаалдандуу).
4. Таяныч материалдарды.
5. Эркин тандоо (окуучунун жөндөмүнө жараша).
6. Тездетилген оозуп кетүүчү программа.
7. Чоң блок менен окутуу.
8. Окутуунун формасын тандап алуу.
9. Өзүн – өзү анализдөө, байкоо жүргүзүү. (Эмне биллем? Эмне жасайм? Кандай жасайм? Окуучулар ушул суроого жооп бериши керек).
10. Класстын интеллектуалдык фону лидерлер тайпасы жана жекече иштей турган группалар түзүлөт.
11. Инсанга болгон жекече мамиле. Дифференциялык жана индивидуалдык мамиле.

# Мен педагог:

1. Бардык жактан мыкты болуудан коркпойм.
2. Ар дайым женилин жерден оорун колдон алууга даярмын.
3. Жардам сураганга кол сунуудан качпаймын.
4. Арттан калгандарга кол сунамын.
5. Кыялдарыма жетууго умтуламын.
6. Эмгек аркылуу турмуштун оорчулугун жеңип чыгам.
7. Турмуштун оор сыноолоруна сынбаймын.
8. Өзүм менен өзүм күрөшүүнү токтотпоймун.
9. Женишке жетиш үчүн алдыма койгон максаттардан баш тартпаймын.
10. Келечектин ээлери окуучуларга билимди берүүдөн талыкпаймын.

# Тарбиялоонун жанылыктары.

Биздин сабактардын милдети – окутуунун тарбиянын, өстүрүүнүн биримдигин камсыз кылуу. Мында балдардын жекече шыктарын жана жөндөмдөрүн аныктоо. Азыркы мезгилдин талабы мектептерде окуу – тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу.

Чындыгында эле алгач мектеп босогосун аттаган балдарга эң биринчи эле партага отуруудан, калем кармоодон, инсандык сапаттарга ээ болуусуна чейин калптандыруу өтө оор милдет. Андыктан мугалим окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, ар биринин кыял жоруктуна жараша мамиле кыла билүүсү өтө маанилүү. Азыркы мезгилде бизде окуу процессии оюн (улуттук оюндар) аркылуу көрсөтмөлүү өтүүгө басым жасоо жакшы жакка тарбияланышына жетишүүдөбүз. Ошондой эле балдардын жакшы жака тарбияланышына жетишүүдөбүз. Ошондой эле балдардын ата-энеси менен байланышта болуп, алар балдарынын сабактарына, кандай тарбия алып жаткандыктарына өтө кызыгуу менен көңүл болуп турушат. Ошону менен бирге улуттук педагогиканын негизинде “элдик салтты үйрөнү” деген темада тарбиялык саат өткөрүлдүү.

Мында окуучулар улуттук каада – салтты жогору көрсөтө алышты. Дагы макал – лакаптарды айтышып алардын маанилерин да түшүндүрүп беришти.

Адептүүлүк деген эмне? Нан болсо, ыр да болот. Улуттук оюндар. “Карылардын созун капка сал” деген темада тарбиялык мааниси өтөт зор класстык сааттар өтүлдү.

Мектеп босогосун жаны аттаган бөбөктөргө айлана – чөйрөнүн кооздугун көрө жана туя билүү сезимине да тарбиялоо.

# Менин көйгөйүм:

“Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, орфография, орфоэпия, пунктуациянын эрежелерин сактоого үйрөтүү, логикалык-сынчыл ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, өз алдынчалуулукка, алдына максат кое билүүгө, адептүүлүккө, ыймандуулукка жана инсандык табитин калыптандырууга тарбиялоо”

Окуткан

балдарын

баласындай

көрүп, өз ишине

берилип иштеген

мугалим-

баарынын мыкты

К.Мамытов атындагы №29 Чоң-Тогузбай жалпы орто билим берүү мектеби

# ӨЗ БИЛИМИН КӨТӨРҮҮ

Мугалим : Сабыр кызы Гүлнур

# Өз билимин көтөрүүнүн багыттары:

1. Жогорку органдардын нормативдүү документтерин үйрөтүү.
2. Педагогика психологиянын жетишкендиктерин уйрөнүү.
3. Алдыңкы педагогикалык иш тажрыйбаны үйрөнүү.
4. Предметтин теориясы жана методикасы.
5. Уюштуруучулук педагогикалык иштер.
6. Өздүк кругозорду көтөрүү